# 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк башкармасынын
2013-жылдын 26-августундагы
№31/1 токтому менен кабыл алынган

**Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар**

Акча-кредит саясатын жүргүзүүгө макроэкономикалык чөйрө Улуттук банк тарабынан тышкы жана ички макроэкономикалык шарттарды иликтөө негизинде аныкталган, мында макроэкономикалык көрсөткүчтөр төмөнкүчө түптөлгөн.

2013-жылдын январь-июнунда экономикалык өсүш 7,9 пайызды түзгөн. Кумтөрдү эске албаганда ИДӨнүн көлөмү 5,5 пайызга өскөн. Экономиканын өсүшүнө чоң салым "Кумтөр" кениндеги өндүрүүнүн салыштырмалуу калыбына келиши менен шартталган.

Экономиканын оң өсүш арымдары бюджеттин кирешелеринин көбөйүшүнө позитивдүү таасир кылган, операциялык ишкердиктен түшкөн мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө караганда 15,1 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 1,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн, ал эми ошол эле учурда 2012-жылдын салыштырмалуу мезгилинде бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 3,3 пайыз чегинде калыптанган.

Тышкы экономикалык секторунда күндөлүк счетунун тартыштыгынын кеңейүүсү улантылууда, ал соода балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү менен шартталган (26,5 пайызга өсүш). 2013-жылдын биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар счетунун терс сальдосунун 1,5 эсеге көбөйүүсүнө алып келиши мүмкүн (ИДӨгө карата 20,1 пайыз). Мында 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында акча которуулардын таза келишинин өсүш арымынын 9,7 пайыздык басаңдоосу байкалууда (2011-жылдын 1 ж/ж – 44,4 пайызга жана 2012-жылдын 1 ж/ж- 15,4 пайызга).

Ушул шарттарда Улуттук банк салмактанган акча-кредит саясатын жүргүзгөн, июнь айынын аягына карата үстөк ликвиддүүлүктү стерилизациялоо көлөмү 3,3 млрд. сомду түзгөн, ал базалык инфляциянын[1] деңгээлин 2012-жылдын декабрынын аягындагы 11,4 пайыздан 2013-жылдын июнь айынын аягындагы 8,9 пайызга (жылдык мааниде) чейин азайткан. 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча жалпы инфляция жылдык мааниде 8,1 пайызды түзгөн.

Валюта рыногундагы салыштырмалуу туруктуулук отчеттук жылдын январь-июнь айларында Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногуна катышуусун минималдаштыруусуна өбөлгө түзгөн. Улуттук банк 2013-жылдын апрель айында алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында, валюта интервенциясын жүргүзгөн. Таза сатуу 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн, АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу отчеттук мезгил ичинде 2,6 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 48,6277 сомго чейин жогорулаган.

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча акча базасы 3,8 пайызга көбөйгөн. Кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн Улуттук банк, кредиттик аукциондордун алкагында коммерциялык банктарга 432,0 млн сом суммасында ресурстарды сунуштаган. Отчеттук мезгилдин акырына карата эсептик чен 3,2 пайызды түзгөн.

[1] Базалык инфляция (ЭВФ методу менен): жалпы азык-түлүк товарлары жана электро энергия, газ жана отундун башка түрлөрү эсепке алынбайт.

**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн динамикасы**

Акча базасы биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча 2,4 млрд. сомго же 3,8 пайызга өскөн жана 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 66,9 млрд. сомду (2012 – жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде – 3,5 пайызды) түзгөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 1,4 млрд. сомго, ал эми Улуттук банктын операциялары – 1,0 млрд. сомго көбөйткөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х кеңири маанидеги акча массасы жыл башынан бери 9,7 пайызга көбөйүү менен (2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында – 11,1 пайызга) отчеттук жылдын июнь айынын акырына карата 108,0 млрд. сомду түзгөн. М2Х өсүшүнө негизги салымды депозиттердин көлөмүнүн көбөйүүсү кошкон[1], ал 2013-жылдын башталышынан бери 14,6 пайызга ( 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 23,3 пайызга) өскөн. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүшү 22,6 пайызды түзсө, ал эми улуттук валютадагы депозиттер 7,3 пайызга (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – тиешелүүлүгүнө жараша 21,4 пайызга жана 25,5 пайызга) өскөн. Жалпысынан, депозиттик базанын өнүгүү динамикасы банк тутумуна карата ишенимдин сакталып тургандыгын, ошондой эле банк тутумунун кредиттик жигердүүлүгүнүн жогорулагандыгын тастыктап турат.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын валюталык түзүмүндө улуттук валютадагы депозиттердин салыштырма салмагы отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында 22,8 пайызга (-0,5 п.п.) чейин кыскарган, ал эми чет өлкө валютасында ал 23,9 пайызга (+2,5 п.п.) чейин көбөйгөн. Банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү М2Х түзүмүндө отчеттук жылдын июнь айынын акырына карата 53,3 пайызга (-2,0 п.п.) чейин азайган.

ИДӨнүн өсүш арымына салыштырганда акча массасынын кыйла тез арымда өсүшүнүн натыйжасында, М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монетизациялоо коэффициенти байкоого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башындагы 29,0 пайыздан 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 30,7 пайызга чейин көбөйгөн. Ушундан улам, М2Х акча топтому боюнча эсептелген, жүгүртүү тездиги жыл башталышындагы 3,4төн, отчеттук жылдын июнь айынын акырына карата 3,3кө чейин төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири маанидеги акча массасынын мультипликатору, М2Х акча массасынын көлөмүндө депозиттердин көбөйүүсүнүн эсебинен 2012-жылдын акырындагы 1,527 ден 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 1,614кө чейин көбөйгөн.

**Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар**

Улуттук статистика комитетинин (УСК) маалыматтары боюнча 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча инфляция көрсөткүчү (2013-жылдын июну 2012-жылдын июнуна карата) 8,1 пайызды түзгөн, мында отчеттук жылдын май айына салыштырганда июнь айында баа 0,1 пайызга көбөйгөн, инфляциянын орточо жылдык мааниси 7,8 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Керектөө куржунунун түзүмүндө 48 пайызга жакынды ээлеген азык-түлүк товарларына баа кароого алынып жаткан мезгил ичинде 8,1 пайызга өскөн. Азык-түлүк эмес товарларга баа жылдык мааниде 7,7 пайызга, алкоголдук жана тамеки заттарына – 11,8 пайызга, акы төлөнүүчү кызматтарга – 6,9 пайызга көбөйгөн.

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2013-ж. июнь айы | | | 2013-ж. январь-июнь айлары 2012-ж. январь-июнь айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2013-ж. май айына карата | 2012-ж. декабрь айына карата | 2012-ж. июнь айына карата | |
| **Баардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **100,1** | **101,5** | **108,1** | **107,8** |
| анын ичинде | | | | |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,7 | 100,6 | 108,1 | 106,6 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 101,3 | 104,5 | 111,8 | 111,4 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,5 | 101,9 | 107,7 | 107,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,2 | 101,9 | 106,9 | 108,8 |

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө көбүрөөк салыштырма салмак нан азыктарына жана талкандарга туура келет. 2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча нан азыктарына жана талкандарга баа жылдык мааниде 14,6 пайызга өскөн, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 27,6 пайызга кымбаттаган. Нан азыктарына жана талканга баалардын өсүшүнүн негизги себептеринен болуп, республикада жана соода өнөктөш өлкөлөрдө 2012-жылы түшүмдүн аз болушу саналган. Мында, 2013-жылдын январь-июнь айларында дан эгиндерине баа турукташуу менен 2013-жылы мол түшүмдүн алынышын күтүүлөрдүн алкагында төмөндөө тенденциясына ээ болгон. Алсак мисалы, Казакстандын 23-24 пайыз клейковинасы бар буудайга импорттук баа (Луговая станциясында) жыл башынан бери 21,0 пайызга[1] төмөндөгөн.

2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча мөмө-жемиш продукциясына баа жылдык мааниде 18,5 пайызга өскөн (ушул эле көрсөткүч 2012-жылы 29,8 пайызга төмөндөгөн), анын ичинде жемиштерге баа 19,6 пайызга өссө, жашылчалар 18,9 пайызга кымбаттаган.

Кыргызстанда кантка карата баа динамикасы жылдык мааниде 10,7 пайызга төмөндөгөндүгүн көрсөтүп турат.

Товарлардын “май жана тоң майлар” тобу боюнча баа кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык мааниде 1,5 пайызга көбөйгөн. “Майлар жана тоң майлар” товарлар тобуна күндөлүк баа динамикасы көбүнчө май алынуучу өсүмдүктөрдүн өткөн сезондогу мол түшүмүнүн сакталып калган таасирине шартталган.

Сүт азыктарына баа индекси жылдык мааниде 8,7 пайызга өскөн. Бирок жыл башталышынан бери товарлардын бул тобуна баанын төмөндөөсү байкалууда: эгерде март айында индекс жыл башынан бери 0,7 пайызга төмөндөсө, июнь айында ушул эле көрсөткүчтүн төмөндөөсү 8,0 пайызды түзгөн. Сүт азыктарына баа, Казакстандан бул продукциянын импортунун чектелишинин алкагында, өлкөнүн ички рыногунда сүт азыктарына профициттин түптөлүшүнө байланыштуу төмөндөгөн.

Эт азыктарына баа 2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 2,1 пайызга көбөйгөн.

Азык-түлүк товарларына ички баалардын дүйнөлүк баалардын динамикасынан жогорку деңгээлде көз карандылыгы, көбүнчө Кыргызстандын экономикасынын азык-түлүк импортуна жогорку көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын УСКсынын маалыматтары боюнча кароого алынып жаткан мезгилде нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорттун үлүшү 51,6 пайызды, өсүмдүк майларын керектөөдө импорт 54,6 пайызды түзсө, кантты керектөө импорт менен 65,6 пайызга камсыз болгон.

[1] 2013-жылдын 16-январына карата абал боюнча 343,0 АКШ долларынан тартып 2013-жылдын 29-июнуна карата абал боюнча 271,0 АКШ долларына чейин.

**2-таблица. Кыргыз Республикасынын базалык тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк балансы**
*(миң тонна)*

| | Нан азыктары данга карата кайра эсептөөлөр, миң тонна | | | | Өсүмдүк майлары миң. тонна | | | | Кант жана и кондитердик азыктар кантка карата кайра эсептөөлөр, миң тонна | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] | I'2010 | I'2011 | I'2012 | I'2013 [1] |
| **Түшүүлөр** | **1 690,1** | **1 583,8** | **1 490,9** | **1 318,0** | **54,2** | **47,1** | **40,1** | **22,8** | **61,2** | **35,9** | **30,9** | **30,6** |
| Жыл башына запас | 1 593,3 | 1 473,2 | 1 295,6 | 1 182,9 | 40,6 | 36,2 | 26,4 | 9,3 | 41,7 | 16,0 | 10,4 | 5,6 |
| Өлкөдө өндүрүлгөн | - | - | - | - | 5,6 | 4,7 | 4,2 | 4,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 9,0 |
| Импорттолгон | 96,8 | 110,6 | 195,3 | 135,1 | 8,0 | 6,2 | 9,5 | 8,9 | 19,5 | 19,9 | 20,5 | 16,0 |
| **Керектөө** | **577,1** | **589,1** | **584,0** | **652,4** | **15,0** | **15,1** | **15,9** | **16,3** | **26,4** | **25,8** | **23,9** | **24,5** |
| Үрөнгө чыгашалар | 10,7 | 4,5 | 0,6 | 62,2 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Малга тоют | 269,5 | 275,5 | 285,0 | 291,8 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Жоготуулар | 29,2 | 27,4 | 27,3 | 24,1 | - | - | 0,0 | 0,0 | - | - | 0,0 | 0,0 |
| Экспорттолгон | 19,4 | 29,6 | 15,0 | 12,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,3 | 0,2 | 0,1 |
| Калктын керектөөлөрү | 248,3 | 252,1 | 256,1 | 261,8 | 15,0 | 15,1 | 15,9 | 16,3 | 26,3 | 25,5 | 23,7 | 24,4 |
| **Бир мезгилдин акырына запас** | **1 113,0** | **994,7** | **906,9** | **665,6** | **39,2** | **32,0** | **24,2** | **6,5** | **34,8** | **10,1** | **7,0** | **6,1** |
| **Керектөө көлөмүндөгү импорттун үлүшү, %** | **39,0** | **43,9** | **76,3** | **51,6** | **53,3** | **41,1** | **59,7** | **54,6** | **74,1** | **78,0** | **86,5** | **65,6** |
| **Өндүрүүнүн көлөмүндөгү экспорттун үлүшү, %** | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | **1,1** |
| **Импорттон көз карандуулуктун коэффициенти** | - | - | - | - | **58,8** | **56,9** | **69,3** | **65,9** | **100,5** | **101,5** | **101,0** | **64,3** |
| **Жеткиликтүүлүк коэффициенти** | - | - | - | - | **41,2** | **43,1** | **30,7** | **34,1** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **36,1** |
| **Талапка карата калдыктардын өз ара катышы, %** | **192,9** | **168,9** | **155,3** | **102,0** | **261,3** | **211,9** | **152,2** | **39,9** | **131,8** | **39,1** | **29,3** | **24,9** |

[1] Алдын ала маалыматтар

Азык-түлүктөн башка товарларга баа жылдык мааниде 7,7 пайызга өскөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,2 пайыздык пунктка төмөн. “Кийим-кече жана бут кийим” товарлар тобуна баалардын көбүрөөк өсүшү жүргөн, анын баасы 13,0 пайызга өскөн. Үй тиричилик буюмдары жана турмуш-тиричилик техникасынын баасы 7,0 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 1,4 пайызга, анын ичинде бензинге баа 1,6 пайызга төмөндөсө, дизель отунуна баа 1,5 пайызга өскөн.

Акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык мааниде отчеттук жылдын июнь айында 6,9 пайызга (2012-жылдын июнунда 11,7 пайызга) көбөйгөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү көбүнчө, тойканалардын жана мейманканалардын кызматтарынын 9,6 пайызга, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+8,3 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+2,6 пайызга) өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызматтары 12,9 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

2013-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн номиналдык көлөмү алдын-ала баа берүүлөр боюнча жылдык мааниде 7,9 пайызга көбөйүү менен (2012-жылдын январь-июнь айларында реалдуу ИДӨнүн 6,9 пайызга төмөндөөсү байкалган) 133,9 млрд. сомду түзгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨ көлөмү 5,5 пайызга өскөн (2012-жылдын биринчи жарм жылдыгынын жыйынтыгы боюнча тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 3,4 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2012-жылдын январь-июнь айларындагы 12,7 пайызга караганда 4,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

ИДӨнүн өсүшүнө алгылыктуу салым 2013-жылдын январь-июнь айларында экономиканын бардык тармактары менен камсыз болгон, буга электрэнергиясын, газды жана сууну (салым -0,03 п.п.) өндүрүү жана бөлүштүрүү сектору кошулбайт, мында өндүрүштүн төмөндөөсү электрэнергиясын иштеп чыгуунун 4,5 пайызга кыскаруусунун жана Токтогул суу сактагычында суунун азаюусуна байланыштуу электрэнергияны бөлүштүрүү боюнча кызматтардын көлөмүнүн азаюусунун эсебинен жүргөн.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 2012-жылдын январь-июнь айларындагы 69,1 пайызга караганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде 118,4 пайызын түскөн. «Кумтөр» алтын-кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда өнөр жайдын физикалык көлөмүнүн индекси 2012-жылдагы 110,0 пайызга караганда 103,2 пайызды түзгөн. Өнөр жай түзүмүндө билинээрлик өсүш кайра иштетүү тармагында (+25,5

пайыз) белгиленген, ал эми тоо кендерин казып алуу өнөр жайында өндүрүштүн өсүшү 3,4 пайыз чегинде гана катталган.

Кайра иштетүү өнөр жайында байкалган өсүш көбүнчө, 2012-жылдын январь-июнь айларындагы төмөнкү базанын сакталып калган таасири, ошондой эле металл өндүрүшүндө жана даяр металл буюмдарын, резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды (цемент), электр жабдууларды, электрондук жана оптикалык жабдууларды чыгарууда өндүрүштүн көлөмүнүн көбөйүүсү менен түшүндүрүлөт. Мында, тармактын түзүмүндө өндүрүштүн көлөмүнүн олуттуу төмөндөөсү, россиялык ишкерлер тарабынан заказдардын санынын кыскарышынан жана тигүү продукциясына суроо-талаптын азаюусунан улам, ошондой эле Бажы союзунун катышуучуларынын аймагында эрежелердин катуулатылышына байланыштуу текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (-17,2 пайыз) байкалган.

**3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*(пайыздар)*

| | Салыштырма *январь-июнь* | | Өсүш арымы *январь-июнь* | | Өсүшкө салым *январь-июнь* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2012-ж.** | **2013-ж.** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 12,4 | 11,1 | 1,4 | 1,9 | 0,1 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 1,0 | 0,9 | 21,1 | 3,4 | 0,2 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы, | 12,2 | 13,4 | -42,2 | 25,5 | -9,3 | 3,1 |
| анын ичинде "Кумтөр" | 6,0 | 7,3 | -64,2 | 45,9 | -9,8 | 2,8 |
| Электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү | 4,0 | 3,1 | 13,5 | -0,7 | 0,6 | 0,0 |
| Курулуш | 4,1 | 4,4 | 7,7 | 15,0 | 0,3 | 0,6 |
| Соода; унаа оңдоо | 15,7 | 16,1 | 7,5 | 8,5 | 1,1 | 1,3 |
| Транспорт жана байланыш | 10,2 | 10,6 | 8,0 | 12,3 | 0,8 | 1,3 |
| Башкалар | 26,1 | 25,0 | 1,0 | 1,0 | 0,2 | 0,3 |
| Азык-түлүк таза салык | 14,3 | 15,4 | -6,9 | 7,9 | -0,8 | 1,1 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-6,9** | **7,9** | **-6,9** | **7,9** |
| **Кумтөр эске алынбаган ИДӨ** | | | **3,4** | **5,5** | **2,9** | **5,2** |

*Булагы: УСК, КРУБ эсептөөлөрү*

Айыл-чарба продукцияларын дүң чыгаруу ИДӨ өсүшүнө 0,2 пайыздык пунктка алгылыктуу салымды камсыз кылуу менен 2013-жылдын январь-июнь айларында реалдуу мааниде 1,9 пайызга көбөйгөн, бул тармактын салыштырма салмагы ИДӨ түзүмүндө 11,1 пайызды (2012-жылдын январь-июнь айларында айыл-чарба продукциясын дүң чыгаруу 1,4 пайызды) түзгөн. Айыл-чарба продукциясын дүң чыгаруу көлөмүнүн өсүшү негизинен, мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн жогорулоосуна, ошондой эле өтүп жаткан жылы картошканын, жашылчалардын жана дан эгиндеринин түшүмүн жыйноонун башталышы менен шартталган.

Соода операцияларын дүң жүгүртүү 2013-жылдын январь-июнь айларында 125,3 млрд. сомду түзгөн, мында соода операцияларынын көлөмү реалдуу мааниде 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 8,1 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча соода көлөмүнүн өсүшү 8,6 пайызды түзгөн).

Инвестицияларды негизги капиталга өздөштүрүүнүн көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде реалдуу мааниде 6,1 пайызга көбөйгөн жана номиналдык мааниде 20,0 млрд. сомду түзгөн (2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында тиешелүү көрсөткүч 8,0 пайызга көбөйгөн). Мында, салымдардын негизги үлүшүн тоо кендерин казып алуу өндүрүшү (26,5 пайыз), кайра иштетүү өнөр жайы (17,4 пайыз) жана транспорт жана байланыш (8,2 пайыз) ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор[1]

Алдын-ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча кароого алынып жаткан мезгилде соода балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 1,5 эсеге кеңейүүсүнө (ИДӨгө карата 20,1 пайыз) алып келиши мүмкүн.

Отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгынын төмөнкүдөй негизги факторлордун эсебинен 1383,0 млн. АКШ долларына чейин көбөйүүсү күтүлүүдө (26,5 пайызга өскөн):

- ташылып келинүүчү мунай заттарынын нарктык көлөмүнүн 80,7 млн. АКШ долларга көбөйүүсү;
- кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдардын экспортунун 28,8 млн. АКШ долларына кыскаруусу жана башка товарларды ташып чыгаруунун төмөндөөсү.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2013-жылдын отчеттук мезгилинде өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 3,5 пайызга кыскаруу менен 1040,9 млн. АКШ долларын түзөт.

Товарлардын импорту (ФОБ баасында) отчеттук мезгилде 11,6 пайызга көбөйүү менен 2 423,9 млн. АКШ долларына жетет.

Кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы өтүп жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгында 145,0 млн. АКШ долларын түзөт, бул 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга караганда 12,3 пайызга аз. Кызмат көрсөтүүлөр эсебинин терс сальдосунун азаюусу кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмүнүн (24,7 пайызга же 135,0 млн. АКШ долларына) өсүшүнүн, алардын импортуна салыштырганда (16,1 пайызга же 114,6 млн. АКШ долларына) озуп кетишинин эсебинен жүрөт.

Күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүү 947,4 млн. АКШ долларында түптөлөт, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 12,6 пайызга көп. Бул статья боюнча негизги өсүш отчеттук мезгилде, мурдагыдай эле, жеке трансферттердин эсебинен камсыз болот, мында таза агылып чыгуу 9,9 пайызга көбөйөт жана 921,5 млн. АКШ долларын түзөт.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби 413,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо калыптанат, бул тиешелүү мезгилдеги көрсөткүчтөн 22,1 пайызга аз.

Капитал менен операциялар эсебинин сальдосу өткөн жылдын январь-июнь айларындагы, салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчкө салыштырганда 5,2 эсеге көбөйүү менен 235,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо күтүлүүдө. Капитал менен операциялар эсебинин профицитинин өсүшүнө Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясынын алдындагы 188,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү карызын[2] кечүү боюнча операциялардын чагылдырылышы негизги себеп болгон.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми 71,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт. Дүң эл аралык резервдердин көлөмү[3] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 3,4 айлык импортун жабат.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси 2013-жылдын башталышынан бери 0,4 пайызга жогорулоо менен июнь айынын акырына карата 111,3 түздү. Жогорулоо сомдун 2012-жылдын декабрь айындагы орточо курсуна салыштырганда отчеттук жылдын июнь айында түрк лирине

---

[1] Алдын –ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча, 2012-жылдагы мунай заттарынын реэкспорту боюнча кошумча эсептөөлөрдү эске алуу менен

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясынын алдындагы карызын жөнгө салуу жөнүндө 2012-жылдын 20-сентябрындагы келишимге ылайык (ал 2013-жылдын 22-майында күчүнө кирген).

[3] Дүң эл аралык камдардын көлөмү 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 2 024,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

карата 2,5 пайызга жана орус рублине карата 1,7 пайызга бекемделиши[1] менен шартталган. Ушуну менен катар эле, сомдун кытай юанына карата 3,8 пайызга, еврого карата 3,0 пайызга, АКШ долларына карата 2,2 пайызга, казак теңгесине карата 1,6 пайызга нарксызданышы байкалган.

НЭАК индексинин бекемделиши менен катар эле Кыргызстанда инфляциянын кыйла төмөн деңгээлде болушу[2] реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун төмөндөөсүн шарттаган, ал 2012-жылдын декабрь айынан тартып, 0,7 пайызга төмөндөө менен өтүп жаткан жылдын июнь айыныны акырына карата 111,9 түзгөн.

### Мамлекеттик финансы сектору

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 1,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде бюджет тартыштыгы ИДӨгө карата 3,3 пайыз өлчөмүндө байкалган.

Бюджетти жалпы каржылоо өтүп жаткан жылдын январь-июнь айларында ички булактардын эсебинен 3,4 млрд. сом өлчөмүндө (ИДӨгө карата 2,5 пайыз), тышкы булактардын эсебинен – 5,1 млрд. сом өлчөмүндө (ИДӨгө карата 3,8 пайыз) жүзөгө ашырылган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга (төмөнкү топтор боюнча операциялар камтылат: негизги фондулар, запастар, жер) бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 2,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,1 пайызды (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 1,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 1,5 пайыз) түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала алынган маалыматтары боюнча, Социалдык фонддун бюджет профицити 2013-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча 0,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,3 пайызды, кирешелери – 16,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,2 пайызды, чыгашалары – 15,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 11,9 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 0,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,7 пайызды түзгөн. Ал эми кирешелери 54,9 млрд. сом же ИДӨгө карата 41,0 пайыз, чыгашалары – 55,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 41,7 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелери 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 15,1 пайызга көбөйүү менен 46,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 34,9 пайызды (2012-жылы көбөйүү 12,3 пайыз чегинде катталган) түзгөн.

Салык кирешелеринин түшүүсү 2012-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 10, 2 пайызга[3] же 3,0 млрд. сомго көбөйүү менен 32,8 млрд. сомду түзгөн. Бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрдүн үлүшү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 3,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 70,1 пайыз чегинде катталган. Салыктык кирешелердин түшүүлөрү мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин 7,4 пайыздык пунктка өсүшүнө салымды камсыз кылган.

Салыктык кирешелердин 52,3 пайызы Мамлекеттик салык кызматынан, 47,7 пайызы Мамлекеттик бажы кызматынан түшүүлөр менен камсыз болгон. Мамлекеттик бажы кызматынын салыктарды жыйноо планы өтүп жаткан жылдын январь-июнь айларында 93,3 пайыз, Мамлекеттик салык кызматынын планы – 97,8 пайыз өлчөмүндө аткарылган.

---

[1] Номиналдык эки тараптуу сомдун алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, базалык мезгил катары индексти эсептөө үчүн 2000-жыл колдонулат

[2] Кыргыз Республикасында инфляция 2013-жылдын июнь айында 1,4 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын-ала эсептөөлөр боюнча 2,5 пайызды түзгөн.

[3] Реалдуу мааниде(КБИге корректировкаланган) 2,2 пайызга көбөйгөн.

Салыктык эмес түшүүлөр байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 6,8 пайызга көбөйүү менен 10,4 млрд. сомду түзгөн. Мындай кирешелердин өсүшүнө негизги салымды акы төлөнүүчү кызматтарды (билим берүү жана медициналык) сунуштоодон түшүүлөр, ошондой эле мамлекеттик акциялар топтомуна чегерилген дивиденддер салышкан. Ошентип, салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин 3,7 пайыздык пунктка өсүшүнө салым кошушкан.

Расмий трансферттердин түшүүлөрү 1,8 эсеге же 1,6 млрд. сомго көбөйүү менен 3,6 млрд. сомду түзгөн. Расмий трансферттердин түшүүлөрүнүн мамлекеттик бюджеттин операциялык кирешелеринин өсүшүнө салымы 4,0 пайыздык пункту түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары отчеттук мезгил ичинде 5,9 пайызга[1] же 2,5 млрд. сомго көбөйүү менен 45,2 млрд. сом чегинде катталган.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык отчеттук мезгилде ИДӨгө карата чыгашалардын экономикалык маселелерге (0,8 п.п.), билим берүүгө (0,6 п.п.), саламаттыкты сактоого (0,5 п.п.), жалпы багыттагы мамлекеттик кызматка (0,3 п.п.), турак-жай коммуналдык кызматтарына (0,1 п.п.) жана эс алууга, маданиятка жана динге (0,1 п.п.) карата кыскаруусу байкалган. Социалдык коргоого чыгашалар 0,2 пайыздык пунктка көбөйгөн, ал эми айлана чөйрөнү коргоого жана коргонууга, коомдук тартипке жана коопсуздукка чыгашалар өзгөрүүсүз калган.

Экономикалык классификациялоо боюнча чыгашалар түзүмүндө күндөлүк керектөөгө багытталган чыгашалардын жогорку үлүшү сакталып турууда. Байкоого алынуучу мезгил ичинде субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө чыгашалардын үлүшүнүн 2,3 пайыздык пунктка көбөйүүсү байкалган, ал негизинен, пенсиялардын базалык бөлүгүн төлөөгө, ошондой эле начар камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөк пулдарды төлөөгө чыгашалардын өсүшү эсебинен түптөлгөн.

2013-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 153,6 млрд. сомду же 3,2 млрд. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинен тышкы карыз – 139,8 млрд. сом, ички карыз – 13,8 млрд. сом. Мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 2013-жылдын январь-июнь айларында 1,4 млрд. сомду түзгөн, алардын ичинде тышкы жана ички карызды төлөө боюнча салыштырма салмак жалпы пайыздык төлөмдөрдөн, тиешелүүлүгүнө жараша 53,5 жана 46,5 пайызды түзгөн.

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча[2] Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы) жана алардын 281 филиалы иштеп турган (2012-жылдын ушул эле мезгилинде 22 коммерциялык банк жана 264 филиал иштеп турган). Жалпысынан, банк сектору 1 130,2 млн. сом өлчөмүндө (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде– 1 023,9 млн. сом) таза пайда алган.

Банк тутумунун суммардык активдери жыл башынан бери 9,8 пайызга көбөйгөн жана 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата 96,0 млрд. сомду (2012 – жылдын тиешелүү мезгилинде – 13,4 пайызга көбөйүү менен 76,6 млрд. сомду) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 13,5 пайызга көбөйүү менен 57,5 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын чет өлкө валютасында 21,3 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндөгү аманаттардын да 6,7 пайызга өсүшү менен камсыз болгон. Жарым жылдыктын натыйжасы боюнча депозиттик базанын долларлашуусу 3.2 пайыздык пунктка, 50,0 пайызга чейин валюталык депозиттердин көлөмүнүн жогорку арымда өсүшүнүн эсебинен көбөйгөн.

[1] Реалдуу мааниде ( КБИге корректировкаланган) 1,7 пайызга төмөндөгөн.
[2] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген.

Кароого алынып жаткан мезгилде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсү көбөйгөн. Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмү отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында[1] 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,3 пайызга көбөйүү менен 121,6 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңы кабыл алынган аманаттардын көлөмү 65,4 млрд. сомду (+18,9 пайызды), чет өлкө валютасында – 56,2 млрд. сомдук эквиваленттин (+3,7 пайызды) түзгөн.

Улуттук валютада жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,3 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча чен да 0,1 пайыздык пунктка, 0,8 пайызга чейин жогорулаган.

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктар сом сыяктуу эле, валюта түрүндөгү карыз алуулардын пайыздык ченинин төмөндөөсү алкагында, кредиттик портфелди өстүрүүнү улантышкан. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп, айыл чарбасына кредиттердин көлөмүнүн байкалаарлык көбөйүүсү саналган, буга аталган тармакты мамлекеттик колдоо боюнча чаралардын ишке ашырылышынын натыйжасында жетишилген.

Өтүп жаткан жылы “Айыл чарбасын каржылоо” деген аталыштагы мамлекеттик долбоор ишке ашырыла баштаган, анын максаты айыл чарбасында жазгы-талаа иштерин өз учурунда жүргүзүү жана мал чарбасын жана кайра иштетүү секторун андан ары өнүктүрүү үчүн республиканын айыл-чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү болгон. Долбоордун шарты боюнча Өкмөт коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерди жеңилдетилген кредиттерди жайгаштырыулары үчүн жылдык 10 пайыздык чен менен республикалык бюджеттин каражат эсебинен субсидиялайт. Июнь айынын акырында долбоор боюнча жалпы кредиттик карыз 2,6 млрд. сомду же банктык кредит портфелинин чогуу алгандагы көлөмүнүн 5,5 пайызын түзгөн.

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 17,1 пайызга көбөйүү менен 47,0 млрд. сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 22,9 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 23,5 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү июнь айынын акырына карата жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 11,6 пайызга артуу менен 24,0 млрд. сомдук эквивалентин түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредит портфели тармактар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 1,5 пайыздык пунктка (38,4 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ошондой эле ипотекага кредиттердин салыштырма салмагы да 9,6 пайызга (-0,1 п.п.) чейин жана керектөө максаттарына 9,4 пайыздан 8,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле, өнөр жайга (0,1 п.п., 5,7 пайызга чейин) жана айыл чарбасына (3,3 п.п., 18,4 пайызга чейин) кредиттердин үлүшү көбөйгөн. Жыл башынан бери курулушка кредиттердин салыштырма салмагы кредиттик портфелдин жалпы көлөмүндө 5,4 пайыз деңгээлинде сакталып туруу менен өзгөргөн эмес. Транспорт, байланыш чөйрөсүнө, даярдоо жана кайра иштетүүгө жана социалдык кызматтарга кредиттер мурдагыдай эле, бир аз үлүштү – суммардык мааниде 4,2 пайызды түзгөн. “Жана башка” кредиттердин салыштырма салмагы 2013-жылдын январь-июнь айларында 10,3 пайыздан 9,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Жаңы берилген кредиттердин көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 26,5 млрд. сом чегинде катталган, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 45,9 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 61,7 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагылар – 32,6 пайызга көбөйгөн.

[1] Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.

Улуттук валютада жаңы берилген кредиттердин орточо салмактанып алынган пайыздык чени отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 20,9 пайызды түзүү менен 1,7 пайыздык пунктка, ал эми чет өлкө валютасында 0,4 пайыздык пунктка, 19,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер***

2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредиттик мекемелеринин саны 792 түзгөн, алардын ичинен: «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» (КСФК) – 1, кредиттик союздар (КС) – 164, микрокредиттик компаниялар (МКК) – 225, микрокредиттик агенттиктер (МКА) – 72, микрофинансылык компаниялар (МФК) – 5, алмашуу бюролору – 325 (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде БФКМдердин саны 893 болгон).

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфели жыл башынан тартып 2,7 млрд. сомго же 17,8 пайызга өскөн жана 2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча 18,1 млрд. сомду түзгөн. Мындан тышкары, жыл башынан бери БФКМдердин карыз алуучуларынын санынын 6,1 пайызга 460787 адамга чейин (2012-жылдын 31-декабрына карата – 434149 адам) көбөйгөндүгү байкалган. Мында, карыз алуучулардын саны 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырганда 2,9 пайызга (2012-жылдын 30-июнуна карата – 447975 адам) өскөн.

**4-таблица. БФКМдердин кредит портфели[1] (млн. сом)**

| НФКУнун аты | 30.06.2012 | % | 31.12.2012 | % | 30.06.2013 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ФККС | 436,80 | *0,5* | 409,20 | *-5,9* | 449,80 | *9,9* |
| МФО (МФК, МКК/МКА)[2] | 13 275,80 | *-8,4* | 14 060,90 | *-3,0* | 16 697,50 | *18,8* |
| Кредитик союздар | 1 268,10 | *3,0* | 1 344,60 | *9,2* | 1 446,70 | *7,6* |
| **ЖАЛПЫ** | **14 543,90** | ***-7,4*** | **15 405,50** | ***-1,9*** | **18 144,20** | ***17,8*** |

[1] Маалыматтар ФККС эске алуусуз келтирилген (анткени ФККС кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] 2013-ж. 31 мартына карата депозиттерди 12 кредиттик союздар тартуулашат (НБКРдин лицензиясы боюнча).
* МКК/МКА отчетторду жарым жылдык негизде сунушташат.

БФКМдердин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен отчеттук жылдын 30-июнуна карата төмөнкүчө түптөлгөн: Кредиттик союздардын финансы компаниясынын (КСФК) кредиттери боюнча – 15,69 пайыз, микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча (МФО) – 34,03 пайыз жана кредиттик союздардын кредиттери боюнча (КС) – 31,50 пайыз (ал эми 2012-жылдын 30-инуна карата орточо салмактанып алынган пайыздык чен төмөнкүчө: КСФК – 15,94 пайыз, МФУ – 36,94 пайыз жана КС – 27,71 пайыз).

БФКМдердин (кредиттик союздардын)[1] депозиттик базасы жыл башынан бери 26,1 пайызга же 13,4 млн. сомго көбөйгөн жана 2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча 64,7 млн. сомду (2012-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча – 51,3 млн. сомду) түзгөн.

[2] 2013-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча 12 кредиттик союз депозиттерди тартуу менен иш алып барышат (Улуттук банктын лицензиясынын негизинде).